*Сагыналиева Н.К., Тайырова Р.У., Эрджан Муслум*

# МЕКТЕПТИН ГЕОМЕТРИЯ КУРСУН ОКУТУУДА ЭЛЕКТРОНДУК МАТЕРИАЛДАРДЫ КОЛДОНУУГА КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

*Сагыналиева Н.К., Тайырова Р.У., Эрджан Муслум*

# ТРЕБОВАНИЯ ПРИМЕНЕНИЯ ЭЛЕКТРОННЫХ МАТЕРИАЛОВ ПРИ ОБУЧЕНИИ ГЕОМЕТРИИ ШКОЛЬНОГО КУРСА

*N.K. Sagynalieva, R.U. Taiyrova, Erjan Muslum*

# REQUIREMENTS FOR THE USE OF ELECTRONIC MATERIALS IN TEACHING GEOMETRY SCHOOL COURSE

*УДК: 372.851:514*

*Азыркы учурда окуу процессинин жүрүшүнүн базасын өркүндөштүрүү, маалыматташтыруу маселелерин чечүүдө заманбап маалыматтар технологиясынын өнүгүүсү актуалдуу болуп келет. Макалада билим берүү сапатын жогорулатуу максатында маалыматтык технологияларды пайдалануунун натыйжалуулугу, ошондой эле геометрия сабагында колдонулуучу электрондук материалына коюлган талаптардын структурасы көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *маалымат, маалыматтык технология, электрондук материал, геометрия.*

*В настоящее время считается актуальным развитие современных информационных технологий для усовершенствования базы проведения учебного процесса, решении задач информатизации. В статье рассмотрена эффективность применения информационных технологий с целью повышения качества образования, а также дана структура условия применения электронного материала на уроках геометрии.*

***Ключевые слова:*** *информация, информационная технология, электронный материал, геометрия.*

*At present, the development of modern information technologies is considered topical for improving the base for conducting the educational process, the re-establishment of information tasks. The article considers the effectiveness of using information technologies to improve the quality of education, as well as the structure of the conditions for the use of electronic material in geometry lessons.*

***Key words:*** *information, information technology, electronic material, geometry.*

Маалыматтык технология деген түшүнүк объектинин, процесстин, же кубулуштун абалы жөнүндө жаңы сапаттагы маалымат (информациялык продукт) алуу үчүн каражаттардын жана методдордун жыйындысын, алгачкы маалыматты иштеп чыгууну жана берүүнү колдонуучу процессти билдирет. Технология деген түшүнүктүн өзү адамдын ишмердүүлүгүн радикалдуу өнүктүрүүгө, анын максатка жетүүчүлүк, интенсивдүүлүк, инструменталдуулук, техникалык куралдануу кепилдигине байланыштуу натыйжасын өркүндөтүүгө карата прикладдык изилдөөнүн багытталгандыгын чагылдырат.

Көрүү аркылуу кабыл алынган маалымат түшүнүктүү жана эсинде жакшы сакталат. Мисалы, үн каражаттарын педагогикалык жактан максатка ылайыктуу жана методикалык жактан сабаттуу колдонуу өздөштүрүлгөн маалыматтын көлөмүн 15%ке, көрүү (визуалдуу) - 25 % ке көбөйтөт, угуу жана көрүү техниканы бирге колдонуу өздөштүрүлгөн маалыматтын көлөмүн 65 %ге чейин камсыз кылат.

Компьютерди орто мектептин окуу процессинде окутуунун каражаты катары пайдалануу инновациялык технологияларга кирет. Ошондой эле информатика курсу менен предмет аралык байланыштарды камсыз кылуу менен мугалим геометрия сабагында компьютерди каражат катары пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Эгерде сабактагы компьютердик ишмердүүлүк окутуунун традициялык курсун колдоого багытталса, анда ал балдарды билим алуунун мектептик курсутан алагды кылбастан, тескерисинче, баланын ага болгон кызыгуусун арттырат.[3]

Геометриялык материалдарды берүүдө маалыматтык технологияны пайдалануу менен окутууга карата түзүлгөн окуу материалы сапаттуу болууга тийиш. Маалыматтык технологияны геометрия сабагында туура пайдалануу:

- Окуучулардын чыгармачылык, изденүүчүлүк активдүүлүгүн жогорулатат;
- Сабактын матевациясын бекемдөө менен көрсөтмөлүүлүктү камсыз кылат;
- Берилген тема боюнча көнүгүүлөрдүн саны көбөйөт;
- Окуучуларга жекече жана дифференцирленген мамиле жасоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Сапаттуу деген атка ээ болуу үчүн геометриялык материалдарды окутууда колдонулган маалыматтык технология каражаттары кандай талаптарды канааттандыруу керек экендигин так аныктап алуу керек. Төмөндө геометриялык материалдарды технологияны колдонуу менен окутуунун электрондук материалына коюлган талаптардын структурасы көрсөтүлгөн.

**Геометриялык материалдарды окутууда электрондук материалга коюлган талаптар**

| Дидактикалык талаптар | Методикалык талаптар |
| --- | --- |
| - илимдүүлүк<br>- жеткиликтүүлүк<br>- проблемалуулук<br>- көрсөтмөлүүлүк<br>- ыраатуулук жана улантуучулук<br>- ишенимдүүлүк<br>- интерактивдүүлүк<br>- толуктук | -аны маалыматташтырууга карата маалыматтык технология каражат-тарын иштеп чыгууга жана колдонууга багытталган геометриялык материалдарды окутуунун өзгөчөлүктөрүнэске алуу;<br>-ылайык келүүчү предметтин мазмунунун өзгөчөлүк-төрүн, анын түшүнүктүүлүк аппаратын эске алуу;<br>-анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө методдорунун өзгөчөлүк-төрүн эске алуу;<br>-маалыматты иштеп чыгуунун заманбап технологиясын жайылтуунун мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу. |

Баарыдан мурда, электрондук материал традициялык методдон талап кылынган стандарттык жана дидактикалык талаптарга жоо берүүсү керек. Дидактикалык талаптар окутуунун спецификалык мыйзам ченемдүүлүктөрүнө жана албетте, окутуунун дидактикалык принциптерине дал келет.

Санариптик билим берүү ресурстарын колдонуу менен окутуунун *илимдүүлүгүн* камсыз кылууга коюлуучу талаптар окуу материалынын, сунуш кылынган электрондук материалдын мазмунунун жетишерлик терендиги, тууралыгы жана илимий аныктыгы болуп саналат.

Окутуунун *жеткиликтүүлүгүн* камсыз кылууга коюлуучу талаптар окуучулардын курактык жана индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун теориялык татаалдыгынын жана терендигинин даражасын аныктоо зарылдыгы болуп саналат.

Окутуунун *проблемалуулугу* камсыз кылууга коюлуучу талаптар окуу - таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн маңызы жана мүнөзү менен шартталат.

Окутуунун *көрсөтмөлүүлүгүн* камсыз кылууга коюлган талаптар окуп-үйрөнүүчү объектилерди, алардын макеттерин, же моделдерин сезүү аркылуу кабыл алуусун жана аларга окуучулардын өздүк байкоо жүргүзүүлөрүн учетко алуу зарылдыгы болуп саналат.

Окутуунун электрондук материалдарды *пайдалануудагы ырааттуулугун жана улантуучулугун* камсыз кылууга коюлган талаптар окуучулардын окуп- үйрөнүп жаткан предметинин тармагындагы белгилүү бир билимдердин системасын ырааттуу өздөштүрүүсү, билимдер жана көндүмдөр белгилүү бир системада, логикалык тартиптүүлүктө калыптангандай негизде камсыз кылуу болуп эсептелет.

Электрондук материалдарды пайдаланууда *ишенимдүүлүктү* жана туруктуулукту камсыз кылуудагы талаптар электрондук материалдарды колдонуу менен окуу материалын өздөштүрүүнүн деңгээлин так өлчөөнүн ыктымалдыгы катарында аныкталат.

Окутуунун *интерактивдүүлүк* талаптары окуу процессинде окуучу менен педагогдун ортосундагы эки жактуу өз ара аракеттенүүсү орун алышы керек дегенди билдирет.

*Толуктукту (бүтүндүктү)* жана үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуучу талаптарды ишке ашырууда электрондук материал информациялык жана телекоммуникациялык техника менен иштөөнүн бир сеансынын аралыгында дидактикалык циклдин бардык звенолорунун аткарылышына мүмкүнчүлүк берүүсү керек [1].

Дидактикалык талаптар методикалык талаптар менен тыгыз байланышкан. Электрондук материалга коюлган методикалык талаптар маалыматташтырууга карата маалыматтык технология каражаттарын иштеп чыгуу жана колдонууга багытталган геометриялык материалдарды мектепте окутуунун спецификасына ылайык келүүчү предметтин мазмунунун өзгөчөлүктөрүн, анын түшүнүктүүлүк аппаратын, анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө методдорунун өзгөчөлүктөрүн, маалыматты иштеп чыгуунун заманбап технологиясын реализациялоонун мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу болуп эсептелет.

Маалыматтык технология каражаттары мугалимге ар түрдүү типтеги маалыматтарды берүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт. Дидактикалык жактан туура мамиле кылууда маалыматтык технологиялар окуучулардын көңүл бууусун активдештирет, мотивациясын күчөтөт, таанып-билүү процессин, ой жүгүртүүсүн, көңүл бууусун жана элестетүүсүн өстүрөт.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. –Б.: 2004. -384 б.
2. Валькова И.П., Низовская И.А. и др. Как развивать критическое мышления? – Б.: ФПОИ, 2005. – 286 с.
3. Төрөгельдиева К.М. Орто мектепте математиканы окутуунун методикасы. I бөлүк.-Б.:-2006.-232 б.


**Рецензент: к.ф.-м.н., доцент Асанова Ж.К.**